УДК :821.512.154
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2021-1 (2)-11-16

**Бактыбай кызы Элзада**
К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, кыргыз адабияты кафедрасы, магистрант
**Бактыбай кызы Эльзада**
Магистрант, кафедра кыргызской литературы, Бишкекский государственный университет им. К. Карасаева
**Baktybay kyzy Elzada**
Master's student, Bishkek State University named after K. Karasaeva

# ЭССЕ ЖАНРЫНЫН КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДА ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА КАЛЫПТАНЫШЫ
# ВОЗНИКНОВЕНИЕ И СТАНОВЛЕНИЕ ЖАНРА ЭССЕ В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ
# THE EMERGENCE AND FORMATION OF THE ESSAY GENRE IN KYRGYZ LITERATURE

**Аннотация:** Макалада кыргыз адабиятында эссе жанрынын тарыхына токтолуп, алгачкы бул жанрга кирген чыгармаларды талдоого алган. XX кылымдын 20-жылдарында жазылган “жанытмалар” кыргыз адабиятындагы алгачкы эсселердин бири экендигин мисал келтирип, эгемендүүлүктөн кийинки жылдарда эссе жанрынын ал абалы тууралуу сөз козголот.

**Аннотация:** В статье рассматривается история жанра эссе в кыргызской литературе и анализируются первые произведения, относящиеся к этому жанру. Приведем в пример одно из первых эссе в кыргызской литературе “жанытмалар”, написанное в 20-х годах XX века.

**Annotation:** The article examines the history of the essay genre in Kyrgyz literature and analyzes the first works related to this genre. Let's give an example of one of the first essays in Kyrgyz literature “zhanytmary", written in the 20s of the twentieth century.

**Негизги сөздөр**: жанр, эссе жанры, жанытма, философия, адабий форма, философиялык ой жүгүртүү, көркөм адабият ж.б. сөздөр.

**Ключевые слова:** жанр, жанр эссе, новизна, философия, литературная форма, философское мышление, художественная литература и др. слова.

**Keywords**: genre, essay genre, novelty, philosophy, literary form, philosophical thinking, fiction, etc.

Кыргыз адабияты өзүнүн басып өткөн жолунда башка улуттардан дайыма жаңы адабий жанрларды алып, аны чыгармачылык менен өздөштүрүп келгени белгилүү.Алардын айрымдары улуттук адабиятка тез эле аралашып, кадимки жашоо-турмушту көркөм чагылдырууда өз ордун таап кеткен болсо, кээ бирлери далай жылдар өз аталышынаэз боло албай жүргөнүн билебиз. Андай жанрлардын бири – эссе. Эссе кыргыз жазма адабиятында өзүнчө жанр экенин өткөн кылымдын 60-жылдарында К.Жусуповдун А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгынан алынып жазылган “Ыр сабындагы өмүр” аттуу көркөм-элестүү чыгармасынан кийин толук тааныды десек болот. Ырас, бул чыгармада жазылып

окурмандын колуна тийгенде жазуучу ага “документалдуу повесть” деген жанрдык аталыш койгону менен аны идеялык-мамундук жана жанрдык-композиялык жактан талдай баштаган адабиятчы-окумуштуулар автордун жанр боюнча айрым тактоолорду киргизип, “эссе” деп атай башташты. Чыгарма өзүнүн идеялык мазмуну менен да, реалдуу турмуштук чындык берүү жагынан да кыргыз адабиятында мурда болуп келген чыгармалардан кескин айырмаланып, көркөм-адабий чыгармалардан эле эмес, даректүү мазмунду чагылдырган публицистикалык жанрларда кездеше бербеген сюжеттик-композициялык тутумга ээ болгондуктан, аны “документалдууповесть” деп атоо жалпы адабий журтчулукка туура келбеген окшойт. Анткени, А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгынын айланасында К.Жусуповдун уникалдуу ой жүгүртүүсү, реалдуу турмуштук фактыларга берген баасы, анын айлана-чөйрөсүндө акынды көргөн, жакындан билгенадамдар менен болгон эркин баарлашуусу, алардын айткан пикирлерин акындын айрым чыгармалары менен логикалык жактан байланыштыруусу мурда кыргыз адабиятында болуп көрбөгөн көркөм-элестүүформаны бергени менен айырмаланган. “Ыр сабындагы өмүр” толук бойдон автордук жеке дүйнө кабылдоосу менен түзүлүп, чыгармада реалдуу турмуштук факты-материалдар акындын чыгармаларында жайгашкан түрдүү идеялык мазмун менен ичкериден синтездешип,бир караганда даректүү, экинчи жагынан көркөм-адабий жанр катары орун алгандыктан, аны кадимки прозанын бир жанры катары кароо чыгармага туура эмес мамиле кылгандык болуп эсептелмек. Мындай пикирдин адабий коомчулукта туура кабыл алынышы көптөгөн жылдардан бери Батыш адабиятында белгилүү болуп келген “эссе”жанрын кыргыз адабият таануу илиминде жаңыча кабыл алууга шарт түздү.

Образдуулуктун тарыхый мазмунунда жаңы форма киргизе алган К.Жусуповдун “Ыр сабындагы өмүрү” менен кыргыз адабиятына кирген “эссе” ушул чыгармадан башталат деген түшүнүк азыр адабий коомчулукта кеңири орун алып, биз адабий-көркөм жанрда эссе ушундай болуш керек деп кабыл алганыбыз менен Европада жана андан ары дүйнөлүк адабиятка тараган түрлөрүнө таянсак, ал жалпы адабиятка француз тили аркылуу сунушталып, кыргыз тилине сөзмө-сөз которгондо “иштелип бүтпөгөн чыгарма” же болбосо, тигил же бул чыгармачылыкты “тажрыйбадан өткөрүү” экени тууралуу айтылып жүрөт. Эгер анын адабий чыгармачылыкта баскан жолуна байкоо салсак, анда “эссе” XVII кылымда Европада жаралып, автор белгилүү темада өз оюн кандайдыр бир жанрда так ачып бере албай калган шартта иштелген“көркөм баян” экендиги менен айырмаланган. Автордун эркин ой жүгүртүүлөрү түрдүү мааниде болуп, анда даректүү окуялар тарыхый-биографиалык планда карылып, кээ бир документалдуу факты-материалдар адабий-көркөм элестөөнүн ар тараптуу чабыттоосунан өтүп, бир эле көркөмадабиятта эмес, философия, эстетика, адабий сын сыяктуу коомдук илимдердин ичинде ичинде көркөм-попуярдуу ой жүгүртүүнүн бир формасы катары орун алып келгенин кездештиребиз. Анын көбүнесе мезгилдүү басма сөз каражаттарында жеке автордук жеке ой жорумду чагылдыруунун бир түрү журналистикада публицистикалык жанрлардын катарында маанилүү орунга ээ болушу соңку үч кылымда туруктуу өнүгүү алдында экенин да көрсөтүп берет. Азыр эссе мындан тышкары жазма текстте ойду бере билүүнүн жеңил формасы катарында мектеп окуучулар арасында колдонулуп жатышы жанры аныкталган бир формага келтирүүгө жолтоо болуу менен бирге анын коомдук аң сезимдин кайсы түрү үчүн маанилүү кызмат көрсөтүшүн да так белгилеп кетүүгө терс таасирин тийгизип жатканы жатканы байкалат. Эссенин коомдук илимдердин бардык түрүндө жазма текст түзүүнүн бир формасы катары кызмат көрсөтүүсү жанрдын

айланасында көптөгөн талаш-тартыштарды пайда кылып, анын коомдук аң сезимдин кайсы түрүндө өз орду бар экенине карай айтылган ой-пикирлерге толуктоо керектигин туюндуруп жатышы адабият таануу илиминде бул проблеманы кайрадан карап көрүү зарылдыгын көтөрөт.

Кыргыз адабияты анын улуттук адабиятта өз алдынчаөсүп-өнүгүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар жанр катары өткөн кылымдын 60-жылдары кабыл алып, ага үлгү болуучу касиеттерди К.Жусуповдун жогоруда аталган чыгармасынан алып жатышканы менен эгемендүүлүктөн кийин ушул сыяктуу “жанры аныкталбаган” кара сөз түрүндө чоң-кичине көлөмдөгү чыгармаларды мезгилдүү басма сөз каражаттары аркылуу окурмандарга тартуулоо жумуштарынын күч алышы эссе жанрынын кыргыз элине мурда белгисиз белгилерин ачыкка чыгарды [3, 149-б.]. Ал батыш элдерине көптөгөн кылымдардан белгилүү стилдик-формалык сапаттарын демократиялык ой жүгүртүүнүнтаасиринде айкындап, б. а. автордун кыялдануularына кеңири жол ачылып, кадимки сүйлөө речине жакын турган сүйлөмдөрдү тандоо менен темага карата өз оюн сынчыл жана субъективдүү көз караштa курч берүү аракетинде жазылган чыгармалар адабияттынөзүндө да, мезгилдүү басма сөз каражаттарындада жарыялана баштады. Стили боюнча публицистикалык образдуу келип документалдуулугу жогору болгон окуяга басым жасап, реалдуу турмушта жашап өткөн чыныгы каармандарга негизделгендиктен, аларды тарыхый же көркөм-адабий чыгармалардын катарына кошуу мүмкүн эмес болуп, тигил же бул жанрдык формага кошууга мүмкүн эмес абалга келди. Көп учурларда мындай чыгармаларды жазганавторлор теманы баяндоодо жанрдын сюжеттик-композициялык белгисинырааттуу камтыбай, эркин ой жүгүртүү аркылуу өзү жазып жаткан турмуштук факты-материалдарды жеке фантазиясынын өткөрүп, субъективдүү мүнөздө мамиле кылганы менен айырмаланышкан. Батыш адабиятында андай стилдик жана жанрдык белгилерге ээ болгон чыгармаларды толугу менен эссе жанрына киргизип, автордун реалдуу турмуштук окуяларды элдин өзү калыптандырган көркөм-философиялык дүйнө таанымдын элегинен өткөрүүсү аркылуу талдоого алышын бул жанрдын белгилери катары көрсөтүшкөн болсо, андай көрүнүш өткөн кылымдын 90-жылдарынан бери кыргыз коомчулугунда кескин көбөйдү.

Эгер эссе жанрын дал ушул сыяктуу касиеттер менен карай турган болсок, анда бул жанр кыргыз адабиятына жазма адабий үлгүлөр мезгилдүү басма сөз аркылуу кире баштаган алгачкы мезгилден тартып эле пайда болгонун байкоого болот. Ырас, алгачкы авторлор өздөрү басма сөз каражаттарына жарыялаган адабий чыгармаларын реалдуу турмуш чындыгында пайда болгон жаңылыкты жеке ой-пикиринде менен тигил же бул окуяга, адамга (коммунистке), анын пенденин өздүк тагдырына тийгизген таасирине карайкарап, саясий-идеологиялык көрсөтмөлөрдүн негизинде жүрүп жаткан жаңылануulарды күчтүү эмоцияда берүү аракеттерин “жаныtма” дешкен болсо, алардын жанрдык табияты бүгүнкү “эссе” жанрына туура келээрин салыштырганда көрөбүз. Маселен, бул жанрды изилдеген айрым адабиятчылар XX кылымдын 20-жылдарында жазылган “жанытмалар” кыргыз адабиятындагы алгачкы эсселердин бири катары эсептеши биз тарабынан айтылган бул көз караштı туура деп кабылдоого негиз болуп берет. Ага кошумча С.Жигитов белгилегендей, ошол мезгилде жазылган “жанытмалардын” дээрлик баары ошол жылдардагы жаңы маалыматтарды элге жеткирүү максатында жеке баам-туюмун пайдаланып, прозанын майда жанрларында турмуштук өзгөрүүлөрдүн ички мазмундук белгилерин сүрөттөп берүү аракеттерин көрүшкөн. “Жанытмалар” түрдүү тематикада болушканы менен алар автордун

ошол жылдардагы айрым байкоолорун жалпылаштырып, өздүк толгоолорунда аныктоого, жаңы доорго тиешелүү идеялык жаңылануулардын айланасында “философиялык ой жүгүртүүгө” багыт алышы бүгүнкү күндө бизге тааныш эссенин негизги касиеттерин көрсөтө алат. Кыргыз адабиятында эссе жанрын аңдаштыруу жеке адамдын адамдардын улуулугун биографиялык баян иретинде чагылдыруу мүнөзүндө берилген “эркин” ой жүгүртүүнүн чегинде берилген форма катарында сакталып, андан башка касиеттери боюнча маселелерине көңүл бурулбай келген болсо, дүйнөлүк адабиятта бизге чейин аныкталган анын көп түрдүү белгилери XX кылымдын 20-жылдарында алгачкы мезгилдүү басма сөз каражаттарында жарыяланган “жанытмаларда” белгилүү өлчөмдө пайдаланылганын жанрды аныктоочу касиеттерин[4, 49-б.] өз ара салыштыруудан даана биле алабыз. Анткени коомдук-саясий чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү жеке туюм менен кабылдоо, андан түзүлгөн кээ бир байкоолорунун айланасында автордун өздүк “философиясында” чыгарманынмазмунун түзүү кудуретинин көп түрдүүлүгү, ошол учурдагы кырдаалды түшүнүүжана түшүндүрүү “сабагынын” айланасындагы мазмундук туюндуруулар эссе жанрынын бүгүн дүйнө элдерине белгилүү касиеттерине жакындашып турат.

Совет доору кыргыз улуттук адабиятына жазма профессионал адабияттын кайсы жанрларын алуу керектигинбийлик тарабынан аныктагандыктан жана ар бир жанрга тарыхый-теориялык баа берүү жагын да бийлик өзү чечип келгендиктен, XX кылымдын 20-жылдарынан тарта көркөм адабият менен улуттук публицистикага аралашкан эссе [4, 211-б.]. жанры өзүнүн туруктуу ордуна ээ болбой, “жанытма” деген аталыш боюнча кала берген. Жазма адабий чыгармачылык убакыттын өтүшү менен орус адабиятындагы жанрдык үлгүлөрүн өздөштүрүп, анда туруктуу касиеттерин сактоо аракетинде иштиктүү формасына улуттукадабият менен мезгилдүү каражаттарына жарыялангандыктан, автордун субъективдүү көз карашына эркиндик берген эссе башкажанрларга салыштырмалуу колдонуудан четтей баштаган. Буга дагы бир себеп ошол жылдарда акын-жазуучулар өздөрүнү субъективдүү ойлорун чагылдырып жатат дегенибиз менен алар көбүнесе өз чыгармаларында бийлик тарабынан аныкталган көз караштарды жетекчиликке алышкандыктан,совет бийлигинин алгачкы жылдарында жазылган мындай үлгүдөгү жанрларда автордук жеке пикир өзүнүн субъективдүү табиятын толук көрсөтө алган эмес. Ошондуктан аны адабияттын же публицистиканын бөлөк жанрларынан айырмалоо максатында жергиликтүү чыгармачыл адамдар “жанытма” деген аталышты колдонушканын көрөбүз. Кыргыздын алгачкы мезгилдүү басма сөз каражаттарында пайдаланылган бул жанр өзүнүн мазмунду чагылдыруу касиети боюнча азыркы эссеге толук туура келгени менен сыртттан жазма адабий үлгүлөр менен келген жанрлардын арасында туруктуу белгилерин элге жеткизе албай, “жанытма” деген аталыында, же болбосо дүйнө элине белгилүү болгон “эсселик” кудуретинде калыптанбай калгандай таасир калтырат. Анткени XX кылымдын 30-жылдарында кыргызадабиятына толугу менен советтик идеология көзөмөл кылып, ал чыгармачылык үчүн маанилүүү болгон автордук жеке ой жорумдарды саясий түшүнүктөргө салып канат-бутагын бычып келгендиктен, жалаң өздүк байкоолорго негизделип жазылчу эссе жанрынын жаңы улуттук кыртышта эркин жана ар тараптуу калыптануусуна бир кыйла тоскоолдуктар болгонун мында баса белгилеп коюуга тийишпиз. Буга кошумча көп улуттуу совет адабиятында ким болбосун чыгарма жазса пайдалана турган жанрдык норманы түздөн-түз орус адабият таануу илиминен алгандыктан, жеке автордун изденүүлөрүн ага туура келүүчү формадан карашып, субъективдүүчыгармачыл аракеттерди кабылданган

нормативдүү эрежелер аркылуу жалпы окурманга түшүндүрө баштаскандыктан, кыргыз адабият таануу илиминде өз ордун аныктайэлек эссе жанрынын чыгармачыл табиятына сын жана улуттук адабият таануу илими өз баасын бере албай адабий очеркменен күнүмдүк басма сөздөорун алган публицистиканын аналитикалык жанрларынын бири катарында гана карап коюшкан. Ошондуктан алгач эссе жанрынын табиятында жазыла баштаган авторлордун эркин ой жүгүртүүсү XX кылымдын 30-жылдарынан тарта очерк жанрынын талаптарына ыңгайлашып, анын натыйжасында жаңыдан түптөлүүгө багыт алган бул жанрга кыргыз адабиятында жана адабият таануу илиминде көңүл бурулбаган. Ага кошумча, улуттук адабияттагы жазма үлгүлөр орус адабияты аркылуу көп улуттуу совет элине таркатылган адабий формаларды гана жетекчиликке алуу аркылуу бирдиктүү адабий жанрларда жергиликтүүадабий процессти жөнгө салуу иштерин аткаргандыктан, кыргыз адабиятында мындай формага ыңгайлашуу менен жарыкка чыккан А.Токомбаев, М.Элебаев, К.Баялинов, Т.Сыдыкбеков, К.Маликов, ж. б. чыгармачыл иштери очерк же мемуар деген аталышменен окурмандарга сунушталган.

Бийлик адабий чыгармачылыкты улам кийинки он жылдыктарда бардык тарабынан тыкыр көзөмөлдөгөн мезгилдүү басма сөз каражаттары тике байланышкан кыргызадабиятына тиешелүү жанрлар Батыш адабият таануу илими аркылуу орус адабиятында иштелип чыкканформасында түздөн-түз кабыл алынып, ага жеке чыгармачылык көрсөтүүгө эч кимге эркиндик берилбей, анын таасиринде 20 –30-жылдары бир аз практикалана баштаган “жанытма” сыяктуу эссе формасындагы чыгармалар өз жашоосун токтоткону байкалат. Бийликке Н.С.Хрущев келгенден тартып “жазгы баар” деген аталышта тарыхта калган доордун улуттук адабиятка бир катар жеңилдиктерди бериши кыргыз акын-жазуучуларын өз алдынча изденүүгө, орус тилине которулган дүйнөлүк адабияттын классикалык үлгүлөрү менен таанышууга, алардын арасынан мурда кыргыз окурмандарына белгисиз “эссе” сымал жанрларды улуттук адабий кыртышта прктикалап көрүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүшү кыргыздын мезгилдүү басма сөз каражаттарында очеркке жакындашкан публицистикалык чыгармалардын жаралышына алып келди. Маселен ошол жылдары кыргыздын мезгилдүү басма сөз каражаттарында жарыяланган А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов сыяктуу белгилүү акын-жазуучулар башында турган чыгармачыл адамдардын тигил же бул темага байланыштуу публицистикалык пикирлеринде эссе жанрынын элементтери камтылып, бирок андай жанрдык белгилерди бөлүп чыгууга кыргыз адабият таануу илими анча маани бербегенин көрөбүз. Ошентип кыргыз адабиятында эссе жанрынын калыптанышы белгилүү жазуучу К.Жусуповдун “Ыр сабындагы өмүр” аттуу чыгармасына туура келет. Автор өзү бул чыгармасына кандай жанрдык аныктама туура келээрин билбей “документалдуу повесть” деген аталышта окурмандарга тартуулаган болсо, аны изилдеген кыргыз адабиятчылары анын жалаң фактыматериалдардан турган даректүүлүгүнө анча ишеним артпагандыктан жана акын А.Осмоновдун өмүрү менен чыгармачылыгына анализ жасаган учурда көркөм ой жүгүртүүсүн түздөн-түз аралаштырып, публицистикалык жанрлар жана адабий изилдөөлөр үчүн да кызмат кылбаганжеке элестөөлөрүн кошуп жибергендиктенанын бул чыгармасына туура жанрдык аталыш берүүнү “издей” башташкан десек болот. Чыгарма көркөм адабиятка жакын туруп, сюжеттин өнүгүшү автордун фактылар менен иштөө чеберчилигинде жүзөгө ашырылгандыктан,анда акындын өмүрү жана чыгармачылыгы жеке адамдын тагдырынан жалпы коомчулук сабак алуучу инсандык, ошондой эле жаш муунга тикелей таасирин

тийгизүүчү бир катар руханий-ахлактыкмаселелер бирге каралып, автор өздүк философиясында этикалык-эстетикалык анализге алгандыктан, аны “эссе” деп атоо окурмандар тарабынан колдоо тапты. Кыргыз адабиятында буга чейин кездеше бербеген мындай факты-материалдар менен иштөө кыргыз адабият таануу илиминде жаңы мазмундук түшүнүктөрдү бере алганы боюнча табылга катары эсептелип, ал кыргызадабият теориясында эссе жанрын формалык касиеттерин тактоого жана изилдөөгө мүмкүндүк берди. Өзгөчө К.Жусуповдун бул чыгармасынан кийин кыргыз адабиятында эссе жанры толук кандуу жанр катары өз ордун тапкан болсо, ал эгемендүүлүктөн кийин бир катар акын-жазуучулардын чыгармачылыгында кеңири мазмунда иштелди. Алардын бири катары А.Алдашевдин көлөмдүү жанрдагы “Жер төлөдө өткөн күн” чыгармасын келтирсек, анын катарында Ш.Дүйшеевдин “Агындыларын” келтирүүгө болот. Чынында бул чыгармалар жөнүндө өзүнчө сөз кылуу зарылдыгы бар экенин эскертели.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Алдашев, А**.** Жертөлөдө ой толгоо: Саясий роман. – Б.: Кыргызстан, 1997. – 268 б. Алдашев, А. Өх, бүттүкпү: Роман. – Б.: Кыргызстан, 2011. – 348 б.
2. Дүйшеев Ш**.** Агындылар. Бишкек “Турар” 2016.- 565 б.
3. Жусупов, К. Ыр сабындагы өмүр. – К-те: К.Жусупов. Сапар китеп. – Б.: 1991.-290-бет
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы: Жети томдук. XX кылымдын адабияты (60-жылдардан кийин). VII том. – Б.: Кыргызполиграфкомбинат, 2002. – 720 б.

**References:**

1. Aldashev A.V. Basement Reflections: A Political Novel. - B.: Kyrgyzstan, 1997 .-- 268 p. Aldashev, A. Oh, it's all over: Roman. - B .: Kyrgyzstan, 2011 .- 348 p.
2. Duisheev Sh. Waste water. Bishkek "Turar" 2016.- 565 p.
3. Zhusupov, K. Life in a song. - In: K. Zhusupov. Travel book. - B.: 1991.-290 p.
4. History of Kyrgyz literature: Seven volumes. Literature of the twentieth century (after the 60s). Volume VII. - B .: Kyrgyzpoligrafkombinat, 2002 .- 720 p.

УДК 80:808.03
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2021-1 (2)-16-22

**Жумалиева Г. Э., Туратбекова А. Т., Рахманова А. А.**
Н.Исанов атындагы КМКТАУ, филол.и.к., доцент,
Ж.Баласагын атындагы КУУ, магистрант
Н.Исанов атындагы КМКТАУ, магистрант
**Жумалиева Г.Э., Туратбекова А.Т., Рахманова А.А.**
К.ф.н., доцент, КГУСТА им. Н.Исанова,
Магистрант, КНУ им.Ж.Баласагына
Магистрант, КГУСТА им Н.Исанова
**Jumalieva G E, Turatbekova A.T., Rakhmanova A. A.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, KSUCTA named after N. Isanov,
Master student, KNU named after J. Balasagyn